# "МАНАС" ЭПОСУНДА КАРГЫШТАРДЫН КӨРКӨМ ЧАГЫЛЫШЫ

**КУНДАКЧЫ. М.**
vestnik_bgu@mail.ru

*Макалада "Манас" эпосундагы каргыштар жөнүндө берилген. Эпостогу каргыш ырлары элдик ишенимге негизделип, Көккө. Жерге. бабалардын арбагына, ар кандай кара күчтөрдүн атына айтылган.*

Кыргыз элинин каада-салт ырларынын тобуна кирген айтымдар тобунун ичинде бата-тилек айтымдары бар. Бата-тилек айтымдары оң бата жана тескери бата деп бөлунүп, тескери бата каргыш жана ант ырларынан турат, Каргыштар бата сыяктуу эле сөздүн күчүнө ишенип, каргыш айтылып жаткан адамдын жакшылык көрбөөсүн тилеп дуба кылуу менен ишке ашат. Каргыш фольклордук башка жанрлардай өз алдынча айтылбайт. Анын айтылышы туурасында себепчи болон фактылардын болушу шарт. Мисалы, элдик каада-салт, ишеним жөрөлгөлөрдө байыртадан бери калыптанып келеткан салттык жосундарга баш ийбеген жоруктар каргыштардын жаралышын шарттап турат. Мына ушундай ырлар кыргыз элинин улуу эпосу болгон "Манас" эпосунда дагы чагылдырылган. Эпостогу каргыш ырлары элдик ишенимге негизделип, Көккө. Жерге. бабалардын арбагына, ар кандай кара күчтөрдүн атына айтылган.

Түрк злдери анын ичинде кыргыз эли Теңирге сыйынышып, бүгүнкү күндө дагы "Теңир урсун", "Төбөсү ачык көк урсун", "Асман түшүп кетсин" деген сыңары каргыш, анттардын сакталып калганы белгилүү. Бул тууралуу Ч.Валиханов "Байыркы доорлордо кыргыздарда Көкө Теңир түшүнүгү жашап, аны кудайдын деңгээлинде таанууга чакырган" деп, бардык айтылган каргыш, алкыш сөздөрүнүн Теңирдин аты менен айтылганын белгилеген. "Манас" эпосунда Көкө Теңирдик аты менен айтылган каргыш ырларынын айтылып калышына бир канча абалдар түрткү болгонун көрүүгө болот. Мисалы, чоролордун касам ичип ант алышканында, айрым каармандардын элдин бүтүндүгүнө шек келтирген ар кандай жосундарды жасашында элдин каргыш иретинде ж.б. учурларда колдонулат.

Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун
Ак бараңдын огу урсун
Көк милтенин чогу урсун,
Убадаңар чын болсо,
Ушуга кандар кол көтөр,
Ат башындай ак куран
Алып келип бары да
Көкүрөгүн урушту.

Мисалда көрүнүп тургандай Көк, Жер түшүнүктөрү культтук мааниге ээ болуп, чыгарманын тулкусунда салттуу формулалар катары колдонулуптурат. Ошондой эле Манастын ак бараңы, көк милтеси ыйык эсептелип, эгер антты аткарбагандар болсо милтенин чогу", "ак барандын огу урсун" деген антташуу болгон. Кыргыздар Көккө, Жерге ишеним кылып жогоркудай ант алышып, каргыш айтышканы менен эпосто исламдык элементтердин сыйдырылганы алты хандын куранды төшүнө уруп антташышында көрүнөт. Бул архаикалык элдик ишенимдери боюнча жасалган жөрөлгө дешке болот. Демек, эпостун тулкусунда байыркы Көкө Теңир жана кийинки учурлардагы исламдык ишенимдердин негизинде айтылган каргыштардын, антташуунун көркөм чагылышын көрүүгө болот.

Эпосто мындан сырткары бул дүйнөдөн өтүп кеткен атабабалардын арбактарынын колдоосуна ээ болуу түшунүктөрү жаралган. Ал ар кандай сыйлоо жана коркунуч формасындагы түшүнүктөн пайда болуп, эгер ата-бабанын арбагы ыраазы болсо жакшылык болорун күтүшүп эгер андай болбогон болсо кырсык болот деген ишенимдерге таянышкан. Бул тууралуу Ф.Поярков минтип жазат: "По понятию киргизов дух умерших предков, как ближайщих, так и отдаленных, покровительствует тем из оставшихся, которые ведут жизнь, достойную их памяти и делают добрые дела, в таком случае арбак невидимо над их жилищами по-могает им и оберегает от несчастий". Демек, ата-бабанынан арбагына сыйынып-тайынып туруу, ыраазычылык алуу башкы милдетгерден деп эсептешип ар кандай салттык жрөлгөлөрдү өткөрүп турушкан. Бул нерсе "Манас" эпосунда дагы чагылдырылат. Мисалы, "арбак урсун", "ата-бабанын арбагына койдум",

"Арбак урган Канчоро", "Манастын арбагы урсун" деген сыяктуу эпикалык формулалар арбын кезигет. Айрым учурда мындай каргыштардын башкача трансформацияланган түрлөрү да жолугат. "Ак келтенин оту урсун", "Манастын туусу урсун", "көк милтенин чогу урсун ж.б, Жансыз предметтерге жан киргизүү аркылуу каргыштын мындай формасын жаратуу көркөм чыгармадагы шарттуулук катары кабылдаганыбыз оң. Ошондой эле "ак ниетим урсун", "ак тузум урсун" дегек өзгөргөн формаларын дагы кезиктире алабыз. Мындай каргыштар эпостун тулкусунда сырткы душмандарга жана ички душмандарга карата колдонгонун көрөбүз. Мисалы, Манас өлгөндөн кийин ордону чаап, чачып талап алган алты ханга айтылган каргыштар, Кыястын, Канчоронун кылык-жоруктарына карата айтылган каргыштар буга мисал болуп берет. Айрым эпизоддордо Манастын өзү дагы ага каршы сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, каршылык кылган алты хандын иш-аракеттерине карата "Арбак урган алты хан" деп наалат айтып, бабалар ишенимине карата өз пикирин билдиргенин көрөбүз. Эпосто жерге, мүрзөгө байланыштуу каргыштар да бар. Ал исламдык түшүнүктөр менен аныкталып, бул дүйнөдөн өткөн адамдын жаны көрдө сурак берип кыйнала тургандыгы менен аныкталат. Ошол себептүү "көрүндө өкүр", "сазайыңды көр берсин" деген сыяктуу каргыштар бүгүнкү күндө дагы айтылып жүрөт. Эпосто Көкчөнү Алмамбеттин:

"Адам болбой кет Кекчө,
Айныган сенден нээт Көкчө,
Кара жер сорсун ниетинди,
Карартсын кудай бетинди"- деген каргышынан, ошондой зле
"Жер жайнаган жедигер
Эл болбосоң жерге кир,
Жети кара көргө кир" деген сыяктуу саптардан көрүүгө болот.

Кыргыздарда бата тилектеринде көбүнчө адамдын келечегинин жаркын болушун Теңирден, көктөн, жерден, суудан тилесе каргыштарда ага карама-каршы ойду суракат. Бул эпосто Кошойдун Жолойго карата айткан сөзүнөн ачык көрүнөт.

"Кара оозуңа кан толгур
Кайрылгысыз күн болгур
Куру оозуңа кум толгур,
Кубанычсыз күн болгур" ж.б.

Эпосто байыркы шаманизм ишенимине негизделген каргыштар дагы жолугат. Шамандарда ар кандай кара күчтөргө арнап курмандык чалып, алардан жакшылыктарды суранган. Бул нерсе кыргыздардын элдик ишенимдеринде дагы кайсы бир деңгээлде чагылдырылганына эпосторубуз, көркөм адабий туундуларыбыз мисал болуп берет, Эпосто Көбөш Абыкени каргыш аралаштыра минтип тилдейт:

"Салпаяк акмак!"-деп айтат,
Сен албасаң мен алам,
Садага кеткин катьщдан" ж.б.

Кыргыздарда жети ата түшүнүгү абдан зор мааниге ээ болуп, ата-бабаларынын жети муунуна чейинки тарыхын билбеген адамды кыргыз деп эсептебеген. Каргыштарында дагы ушул түшүнүк толук маанисинде сакталып айтылган. Эпосто мындай түшүнүктөр дагы арбын кезигет. Бирок ал контекстик мааниге көз каранды беп *айтуута* болот. Мис., Айдардын Аккуланы байге үчүн чаба турган болгондо төмөнкүдөй каргыш аралаштыра тилдөө айтылат.

"Байге жебей майың же,
Медериндин канын же,
Жеткен байге дооруң же.
Жети атаңдын боорун же".

Бул мисалда "медериндин канын же" деген каргоо менен каргыштык абдан коркунучтуу түрүн колдонгон. Эпостогу каргыштардын бардыгы салттык мүнөзгө ээ эмес. Айрым учурларда каргыштардын жаңы формаларын, жаңы маани алган түрүн да кезиктиребиз.

"Атаңдын көрү жаш Айдар,
Бокмурун экөөң масс Айдар,
Элдигиң жок кас Айдар,
Кан Көкөтөй өлгөң соң
Чын дүйнөнү көргөң сон,
Кабарды неге бербейсиң,
Баштап берген ашыңа, Айдар

Балекет туусун кашыңа, Айдар,
Калың казсын оруңду. Айдар,
Каапырлар кылсын сонунду, Айдар,
Ит таласын этиңди, Айдар,
Ким көрсүн сенин бетинди, Айдар.
Калмак жесин башыңды, Айдар,
Каапыр жесин ашынды, Айдар".

Мисалдагы "калың казсын оруңду", "ит таласын этиңди", "калмак жесин башыңды", "каапыр жесия ашыңды" деген каргыштан сюжеттин өнүгүшүндөгү жагдайга ылайык айтылган эпикалык мүнөздөгү каргыштардын жаңы түрү деп атоого болот.

Каргыштар түзулүшүнө карап талдаганда бир нече сөз тизмектеринен баштап, бир нече ыр саптарынан курала турганын көрдүк. Анда элдин үрп-адат каада салты менен элибиздин байыртан бери калыптанган түшүнүгү, ишенимдери чагылдырылган. Көбүнчө "болсун" деген сөз күчтүү сезим менен айтылып, керек учурда ал рефрендүү кайталанып, анын аткарылышы Теңирден, жерден, кудайдан ж.б. күчтөрдөн суралат.

Жыйынтыктап айтканда эпостун тулкусуна каргыш ырлары арбын сыйдырылып, кандайдыр бир деңгээлде сюжеттик сызыкты күчтөндүрүп турат. Эпостогу каргыш айтуулардын көбү баба культтарына байланышкан салтык айтымдар менен кошо Манастын өзүнө жана анын буюм, теримдерине байланышкан каргыштардын түрүн көрөбүз. Мис., "Манастын арбагы урсун", "Манастын туусу урсун", "ак келтенин огу урсун", "көк милтенин чогу урсун" ж.б.

*Адабияттар*


1. Валиханов Ч. Собр. соч. В.5 т. -Алма-Ата-1985.11,)
2. Каралаев С. Манас. Т.12, инв.№ 101.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы. -Б., 2004.
4. Поярков Ф. Из области киргизских верований// Этнографкч. Образование. 1981. КН II №4.
5. Садыков Б. Функции фольклорных жанров в художественном составе эпоса "Манас" -Б., 1992.